# Чынчыл математика



Автор: Алёна Молчанова
Сүрөтчү: Назик Придинова
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

# Чынчыл математика

Автор: Алёна Молчанова
Сүрөтчү: Назик Придинова
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Чынчыл Математика"(кыргыз тилинде) автор Алёна Молчанова, сүрөтчү Назик Придинова, Сулайман Рысбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Честная математика*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Балмуздак! Балмуздак! – деген сатуучунун үнү көчөдөн угулду.



Асел апасына чуркап келди.

– Апа, мен балмуздак жегим келип жатат.

– Адегенде, математикадан үй тапшырмаңды аягына чейин аткар.



Асел капа боло түштү.

– Бир нече мисал калганда, дептерим бүтүп калды.

– Дептер алыш керек болсо, Нурдин байкенин дүкөнүнө барып, самын жана сүт ала кел, – деп апасы Аселге жүз сом берди.



Асел үйдүн катарындагы кичинекей дүкөнгө жөнөдү.

– Нурдин байке, дептер, бир бөтөлкө сүт жана бир самын канча турат? – деп Асел жүз сомду сунду.

– Дептер – 10 сом, самын – 30, сүт – 40 сом. Баары 80 сом, – деди да, сатуучу байке Аселге 40 сом кайтарып берди.




Асел үйгө келип, сатуучу ага канча сом кайтарып бергенин саноону ойлоду.

– Менин 100 сомум бар болчу. Дептер 10 сом, самын – 30, сүт – 40 сом. Баары – 80 сом болот. Демек, Нурдин байке мага 20 сом кайтарып бериши керек эле. Эмне үчүн ал мага 40 сом берип койду? – деп ойлоду кыз.

Капыстан Асел сүйүнүп кетти.

– Ашык акчага балмуздак сатып алам!



Ал кайрадан дүкөнгө келгенде, бир кыз балмуздак сатып алып, кетипбара жатыптыр. Нурдин байке ал кызды токтотту.

– Токтой тур, сен мага ашыкча акча берип коюпсуң. Мына, ашыгын ал.



Асел уялып кетти. Балмуздак алайын деген ашыкча акчаны кайтарып берүүнү ойлоду.



– Сиз жыйырма сом ашыкча берип коюптурсуз. Алып келдим.

– Ыракмат! – деди Нурдин байке, – Сен чынчыл, жакшы кыз экенсиң. Кандай балмуздак жегиң келет, тандап ал.

Асел үйгө бактылуу болуп кайтып келди.

USAID

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Алёна Молчанова
Сүрөтчү: Назик Придинова
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли